**МУРЗАКУЛОВА И.,**
*Ж.Баласагын ат. КУУ*

# БИЛИМ БЕРҮҮНҮН САПАТЫН ЖАКШЫРТУУНУН НЕГИЗИ – БИРДИКТҮҮ АРАКЕТТИН НАТЫЙЖАСЫНДА

Азыркы мезгилде өлкө ичинде да, эл аралык мейкиндикте да олуттуу коомдук өзгөрүүлөр жүрүп жатат. Муну менен катар улуттук билим берүү системалары дүйнөлүк билим берүү системасынын тармактарына улам көбүрөөк тутумдашып (интеграцияланып) баратат. Ошондуктан, билим берүү системасын реформалоодо жаңы максаттарды аныктоонун зарылдыгы келип чыгууда. Бүгүнкү күндө билим берүү жана илим министрлигинде «Билим берүү системасы жаңычыл иш аракет жасоочу (инновациялоо), натыйжалуу билим берүү багытында иштөө учурдун кечиктирилгис талабы» деген негизги максаттын алкагында иш алып баруусу белгиленүүдө. Ошол эле учурда улуттук билим берүү программаларында билим берүү тармагынын өнүгүүсүнүн негизги принциптерине, б.а. билим берүүнүн мазмунун жана окутуу технологияларын жаңылоо, билим берүү сапатын жакшыртууга көбүрүүк көңүл бөлүү учурдун талабы.

Азыркы мезгилде мектептерде, кесипчилик окуу жайларында жана жогорку окуу жайларда билим берүүнүн сапатын жакшыртуу проблемасы бүгүнкү күндүн күн тартибиндеги негизги маселелердин бири болуп калууда. Орто мектептеринде ошондой эле кесиптик лицей окуу жайларында окуучулардын билим деңгээлинин төмөндүгү жана улам дагы төмөндөп бара жаткандыгы жогорку окуу жайына келишкен абитуриенттердин предметтерди өздөштүрүү денгээлинен байкалууда.Чындыгында эле ушундай тенденция бар экендиги айтылып келет. Математика, физика жана химия предметинин көрсөткүчтөрү коомдук предметтерге караганда дагы бир топ төмөнкү баскычта тургандыгы белгилүү. Ошондуктан, математика жана табигый илим тармагындагы предметтерге кызыккан окуучулар жыл өткөн сайын азайып барууда.

Окутуу жана билим берүү милдетине ылайык, орто мектептерде, кесиптик лицейлерде жана жогорку окуу жайларындагы окутуу системасы инсандын жетилүүсүнө, өнүгүүсүнө өбөлгө түзүүчү булактарды өркүндөтүүгө жана жайылтууга тийиш. Ошол эле учурда жогорку окуу жайында (ЖОЖ) бүгүнкү күндүн талабына жооп берген татыктуу жогорку билимдүү адисти даярдоонун натыйжалуулугу студенттердин мектептен алган базалык билиминин негизинде болоору жалпыбызга маалым. Ал эми орто мектептердеги билим берүү системасында чечилбей жаткан актуалдуу проблемалардын пайда болушу төмөнкү көрсөтүлгөн факторлор менен тыгыз байланышкандыгы массалык маалымат каражаттарында айтылып жүрөт:

- окуу, окуу усулдук китептердин жетишсиздиги;
- талапка ылайыктуу, кызыктыруучу дидактикалык материалдардын жана техникалык окутуу каражаттарынын эскилиги жетип,ал эми жаңысы жокко эсе же жетишээрлик болбой жаткандыгы;
- мугалимдердин профессионалдык деңгээлинин төмөн болуп жаткандыгы;
- мугалимдердин билимин көтөрүүчү курстардын ийгилик иштеринин төмөнкү көрсөткүчтөрү;
- айлык акысы аз болгондугуна байланыштуу мугалимдик кесипти аркалаган татыктуу педагогдордун жумуш которуп кетүүлөрү;
- көпчүлүк ата энелердин мектептерде балдарынын окуусуна болгон камкордугунун төмөндөп кетүүсү ж.б.у.с.

Ошондуктан, билим берүүнүн сапатын жакшыртуу жогоруда айтылган факторлордун терс таасирлерин жөнгө салуу менен биргеликте «мектеп» менен «ЖОЖдун» жаңылануу аракетин бир нукка буруунун негизинде бирдиктүү иш алып баруу менен гана натыйжалуу ийгиликтерге жетишсек болот. Анткени жогорку билимди өздөштүрүүнүн структуралык негизи мектептен башталат.

Бүгүнкү күндө билим берүү системасы реформалоонун жаңы максаттарын аныктоонун зарылдыгын көрсөтүүдө. Азыркы мезгилде жогорку окуу жайларындагы билим берүү системасы жаңычыл иш аракет жасоо, натыйжалуу окутуунун багытында иш алып баруу учурдун кечиктирилгис талабы катарында кабыл алуу менен дүйнөлүк билим берүү системасынын тармактарына улам көбүрөөк тутумдашуу (интеграциялануу) аракетинде ар кандай окутуунун инновациялык жолдорун колдонуунун негизинде кредиттик окутуу технологиясын өздөштүрүү менен окутууда сапаттуу билим берүүнүн негизин аныктап, өнүгүүнүн жаңы горизонттук бийиктигине көтөрүү алкагында алгылыктуу иш алып баруу, билим берүү тармагында эмгектенген ар бир мугалимдин милдети. Эгерде жаңылануу мектептерде да ийгиликтүү ишке аша турган болсо, анда ЖОЖдордогу реформа өз ийгилигинин жемишине эртерээк жетишмек. Айрыкча мектептердин жогорку класстарында (10-11-класстарында) төмөнкүдөй иштердин жүрүшү максатка ылайыктуу болмок:

- окуучулардын өз алдынча иштөөсүнө көндүрүү жүргүзүлсө ;
- окутуу жолдору жогорку окуу жайындагы окутуунун шарттарына жакын болсо;
- баалоону кредиттик балл топтоо механизминин негизинде жүргүзүүнү ишке ашырса;
- жогорку окуу жайына келгенге чейин эле окуучулар ЖОЖдо окуунун жол жобосу менен тааныш болушса;
- билим деңгээлинин абалын сезе билип аны көтөрүүнүн үстүндө жеткиликтүү иш алынып барылса;
- баштапкы, кенже класстагы жана жогорку класстын окуучулары үчүн билим денгээлинин критерийлери иштелип чыгып аны сыноо механизмдери так жана ачыкө айкын болсо ж.б. Чындыгын айтканда, бул идеалдуу варианттарга жетишүү көптөгөн талыкпаган эмгекти, чыныгы педагогикалык эрктүү мүнөздү талап кылат. Ошондой болсо дагы келечектүү максаттарыбызды аныктап алдыга илгерилей берүү биздин патриоттук милдетибиз болуп саналат. Кытай жергесиндеги педагогикалык университетинен окуп үйрөнүп келген инновациялык жаны ыкмалар ишмердүүлүктүн жаңы формаларын өздөштүрүүгө көмөк көрсөттү десек болот. Биздин негизги максатыбыз мектеп менен ЖОЖдун байланышын күчөтпөй туруп, бирдиктүү иш алып барбай туруп, билим берүү системасында натыйжалуу ийгиликке жетишүү мүмкүн эмес. Анткени билим сапатын жакшыртууга негизги факторлордун көпчүлүгүнүн таасирин ЖОЖдо оңдоого мүмкүн болсо дагы,студенттин алгачкы интелектуалдык потенциалынын таасирин жеңүүгө мүмкүн болбогон татаал бөгөт болмокчу. Ошондуктан, билим берүүнүн сапатын жакшыртуунун негизги уңгусу мектептер менен жогорку окуу жайларынын аракетинин бирдиктүү багытында.

**Адабияттар**

1.Курманкулов Ш.Ж., Өмурбеков М.А. Билим берүү сапатын жакшыртуу көп факторлуу туюк процесс/ Ж.Баласагын атындагы КУУ Жарчысы-2008.№6 сериясы.118-122-б.

2. «Окутуунун интерактивдүү усулдары жана башкаруу системасы» журналы. Бишкек-2004.Кыргыз билим берүү академиясы.

3.Выступление министра образование и науки, Болджуровой И.С /Наш долг поднять качество образования//Кут билим №7.2008-ж.

4. Курманкулов Щ.Ж., Норзалиева Г.С./Билимди өздөштүрүүнүн структуралык негизи/Эл агартуу журналы №1-2.2009-ж.